**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖЕТИ-ӨГҮЗ ОБЛУСУ**
**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**

**ЖЕТИ-ӨГҮЗ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКИЙ ОБЛАСТЬ**
**ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**

**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**
**ДЖЕТИ-ОГУЗСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Жети-Өгүз жергиликтүү кеңешинин XXVIII- чакырылышынын кезектеги II-сессиясы**

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 29-марты №7** **Жети-Өгүз айылы**

## Жети-Өгүз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн штаттык бирдиги жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндөгү Мыйзамынын 30-беренесине , Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө" №370 Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы Пилоттук режимде административдик – аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө №52 токтомунун негизинде кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө Мыйзамынын 54-беренесинин 8-пунктуна ылайык, Жети-Өгүз айыл өкмөтүнүн штаттык бирдигин бекитүү жөнүндөгү маселени угуп жана талкуулап Жети-Өгүз айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Жети-Өгүз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн типтүү түзүмү жана штаттык бирдиги түзүлүүсүнө макулдук берилип,бекитилсин.

2.Жаңыдан түзүлгөн штаттык бирдикке эмгек акысын төлөө жагы Жети-Өгүз айыл өкмөтүнүн башчысы М.К.Султановго милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы финансы-бюджет боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Э.Белековко тапшырылсын.

**Төрага** **Б.Ургаипов**